1. Гурьянова Н. В. Понятие языка, знания языка и овладения этим знанием в концепции языка и мышления Н. Хомского // Учён. зап. Ульянов. гос. ун-та. — (Серия: Образование). – Ульяновск, 1999. – Вып. 2. – С. 182–191.
2. Мокиенко В.М. Загадки русской фразеологии. – М: Высшая школа, 2001. – 192 с.
3.Новый словарь методических терминов и понятий (теория и практика обучения языкам) // Э. Г. Азимов, А. Н.Щукин. – М.: Издательство ИКАР, 2009. – 448 с.
4. Хуторской А.В. Ключевые компетенции и образовательные стандарты // Интернет-журнал «Эйдос». – 2002. – 23 апреля.

УДК 371.1
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-286-290

**Абдымомунова Г.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Абдымомунова Г.А.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Abdymomunova G.A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0008-9116-6247

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ИНСАНГА БАГЫТТАП ОКУТУУДА ЖОМОКТОРДУН РОЛУ
# РОЛЬ СКАЗОК В ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННОМ ОБУЧЕНИИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ
# THE ROLE OF FAIRY TALES IN STUDENT-CENTERED LEARNING OF ELEMENTARY SCHOOL STUDENTS

**Аннотация:** Макалада башталгыч класстын окуучуларын жомокторду окутуу аркылуу инсандыкка багыттоонун, тарбиялоонун ыкмаларын анализдөөгө аракеттендик. Башталгыч класстардын “адабий окуу” предметинин программаларында берилген ар бир чыгарманы эффективдүү ыкмалардын негизинде окутуп, балдардын ички дүйнөсүнө жеткирип, жыйынтыктуу ойлорго чакырууга мугалимдик ишмердүүлүктүн мааниси зор. Башталгыч класстарда берилген легендалардын, жомоктордун, мифтердин бардыгы сабакта баланын аң-сезимине күчтүү таасирин тийгизип, этикалык, эстетикалык табит тартуулап келгендиги баарыбызга маалым. Мугалим жомокторду окутууда оюндарды, интерактивдүү ыкмаларды, мультмедиалык каражаттарды пайдалануусу сабактын максатына жетүүгө шарт түзөт. Макала жомокторду окутуу өзүнүн тексттик түзүлүшү, жөнөкөйлүгү, күчтүү тарбиялык мааниси жана кызыктуулугу менен айырмаланаары, алар аркылуу эмгекчил, патриот, акылдуу, табиятты баалаган инсанды тарбиялоо мүмкүн экендиги жыйынтыкталды.

**Аннотация:** В статье мы попытались проанализировать методы воспитания, ориентации учащихся начальной школы на личность посредством обучения сказкам. В программах предмета “литературное чтение " начальных классов большое значение имеет педагогическая деятельность по обучению каждого произведения на основе эффективных методик, доведению его до внутреннего мира детей и приглашению к заключительным

мыслям. Все мы знаем, что легенды, сказки, мифы, представленные в начальных классах, оказывают сильное влияние на сознание ребенка на уроках и вызывают этические, эстетические вкусы. Использование учителем игр, интерактивных приемов, мультимедийных средств при обучении сказкам способствует достижению цели урока. В статье сделан вывод о том, что обучение сказкам отличается своей текстовой структурой, простотой, сильным воспитательным смыслом и интересностью, с помощью которых можно воспитать трудолюбивую, патриотичную, умную, ценящую природу личность.

**Abstract:** In the article, we tried to analyze the methods of education, orientation of elementary school students to the personality through teaching fairy tales. In the programs of the subject "literary reading" of primary school, pedagogical activity is of great importance in teaching each work on the basis of effective methods, bringing it to the inner world of children and inviting them to final thoughts. We all know that the legends, fairy tales, myths presented in the elementary grades have a strong influence on the mind of the child in the classroom and evoke ethical and aesthetic tastes. The use of games, interactive techniques, multimedia tools by the teacher in teaching fairy tales helps to achieve the goal of the lesson. The article concludes that teaching fairy tales is distinguished by its textual structure, simplicity, strong educational meaning and interest, with the help of which you can educate a hardworking, patriotic, intelligent person who appreciates nature.

**Негизги сөздөр:** фольклор, этика, психология, педагогика, тарбия, табият, интерактив, интеграция, миф, легенда, башталгыч класс.

**Ключевые слова:** фольклор, этика, психология, педагогика, воспитание, природа, интерактив, интеграция, миф, легенда, начальный класс.

**Keywords:** folklore, ethics, psychology, pedagogy, education, nature, interactive, integration, myth, legend, elementary class.

Азыркы заманбап методиканын өзгөчөлүгү - келечек муундарды инсандыкка тарбиялоо, окуу предметтерин интеграциялап окутуу, коомдогу ааламдашуу, автоматташтыруу процесстерине ылайыктуу окуучуларды окутуу жана тарбиялоо өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт. Ошондуктан мугалим менен окуучунун ортосундагы бири-бири менен чыгармачылык ишмердүүлүктө эмгектенүү учурдун кечиктирилгис талаптарынан болуп турат. Биздин макалабыз элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры болгон жомокторго арналмакчы. Адабияттын баштапкы баскычы болгон адабий окуу сабактарында «элдик оозеки чыгармаларды, анын ичинен жомокторду окутуу – башка жанрдагы чыгармаларга салыштырганда өзүнүн тексттик түзүлүшү, жөнөкөйлүгү, күчтүү тарбиялык мааниси жана кызыктуулугу менен айырмаланат. Башталгыч класстарда берилген легендалардын, жомоктордун, мифтердин бардыгы сабакта баланын аң-сезимине күчтүү таасирин тийгизип, этикалык, эстетикалык табит тартуулап келгендиги баарыбызга маалым. 1-класстан 4-класска чейинки адабий окууга киргизилген жомокторду бала окуп, тушунүп жана өз алдынча ой жүгүртүү менен анализдей алат. Педагог А.Т. Маматумаров элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок жанрынын таасири тууралуу мындайча оюн билдирген: “Демек, элдик оозеки чыгармалардын ичинен жомокторду окутуу өзүнүн таанып-билүүчүлүк, эстетикалык ырахат ыйгаруучулук касиети менен өзүнүн актуалдуулугун жана жемиштүүлүгүн тастыктоодо” [9.93]. Туура белгиленгендей, жомок жанры ар бир наристелүү үй-бүлөдө, бала бакчаларда, мектепте этнопедагогикалык, этнопсихологиялык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп кызмат кылат. Алардын табигый өсүү

генезиси аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн байкоого, аңдоого болот. Башталгыч класстын программаларына киргизилген “Акылдуу дыйкан”, “Алтын куш”, “Жалкоо бала”, “Ырыс алды ынтымак”, “Айлакер бала”, “Акылман вазир”, “Кенже бала”, “Сыйкырдуу сака”, “Жоомарттык”, “Амалдуу кедей”, Койчу менен кара дөө”, “Жээренченин баласы”, “Эки бир тууган”,“Акылман сынчы” сыяктуу жомоктор башталгыч класстын окуучуларынын ойлоосуна, жашоо тиричилигине, кулк-мүнөзүнө, психологиялы өзгөрүүсүнө таасирин бербей койбойт. Тетирсинче, дидактикалык материалдар кызыктуу жана арбын болгону менен аны башталгыч класстын окуучуларынын ан-сезимине жеткирүү үчүн педагогдун окутуу, башкаруу компетенттүүлүгү чабал болсо, анда окутуунун принциптери солгундашы мүмкүн. Бул боюнча белгилүү педагог Н.Б.Молдобаева “Кыргыз эл жомоктору - элдик педагогикалык идеялардын башаты” аттуу эмгегинде: “Ар бир элдин өнүгүү, өсүү этаптарына карай эл арасынан чыккан акындар, жомокчулар, акыл-насаатчылар, көркөм өнөрдүн чеберлери жараткан чыгармаларын жаштарга билим, тарбия берүү максатында жараткан. Мындагы негизги маселе-жомок элди психологиялык жана педагогикалык жактан гана тарбиялабастан, лексикалык кору байлыгы, балдарга акылмандуу тарбиясы менен баалуу”[10. 45] - деген негиздүү пикирин билдирген. Көрүнүктүү педагогдун адилеттүү, асыл ою мугалимерди чыгармаларды бөбөктөргө тааныштыруунун ыкмаларын чыгармачылык менен пайдалана билип, убагын, мезгилин тандап алуу, алардын жаш өзгөчөлүгүн, билим деңгээлин эске алуу менен түшүнүк берүү, алган түшүнүктөрүн тактоо, бекемдөө жана калыптандыруу бул тарбиялоо ишиндеги негизги максат экендигин сезе билүүгө, изденүүгө милдеттендирет. Ал эми кыргыздын бараандуу дагы бир педагогу И.Б. Бекбоев башталгыч класстарда оюнсуз сабак өз максатына жете албай калаарын төмөнкүчө билдирген: “Оюнсуз эч кимди эч нерсеге үйрөтө албайсың, анткени оюн окутууга инсандык мүнөз берет. Ошондуктан окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек ансыз окутуу сезимталдуу эмес супсак болот”, – деген [4. 64]. Бул ойду этнопедагог А.Алимбеков мындайча улантат: “Оюн балдардын акылын, билимин, логикалык жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн ар тараптан өстүрүүчү касиети менен бардык дүйнө элдери көп кылымдык тарбия практикасында сыналган каражат катары активдүү колдонулуп келе жатат. Оюндун балдар үчүн таанымдык жана тарбиялык касиетин кыргыздар да байыртан эле баамдашып, аны сандык жана сапаттык жактан байытып, өркүндөтүп келишкен. Кыргыз элдик оюндарынын балдардын таанымдык тажрыйбаларын, ойлом маданиятын өстүрөт”, - деп белгилеген [3.65]. Демек, кайсы гана класстарда болбосун, окутуу процесстериндеги педагогикалык колдоо күчтүү болсо, билим берүү ишке ашат - деген ой өзүнөн-өзү жаралат. Жомок жанрынын таасири аркылуу бөбөктөрдү жаратылыштын кооздугуна суктана, сезе билүүгө, табиятты сүйүп баалай билүүгө тарбиялоо бөбөктөрдүн эстетикалык табитин калыптандырууга өбөлгө түзөт. Ар бир жаш жеткинчекти жомоктор өтө кызыктырат, жомокто элдин ар кандай доордогу турмуш-тиричилиги, айлана-чөйрөгө болгон мамилеси, күрөшү, келечек жөнүндөгү ой-максаттары, үмүт-тилектери чагылдырылат эмеспи. Жомоктор жана ырлар менен бөбөктөрдү тааныштыруу иши жөнөкөйдөн татаалга карай дидактикалык принциптин негизинде жүзөгө ашырылууга тийиш. Балдар жана жомоктор ажырагыс, бири-бири үчүн жаралгандай. Элдик жомоктордо жакшылыктын жамандыкты жеңиши, чындыктын ар дайым салтанат курушу, мындагы оптимизм балдардын ишенимин күчөтүп, тарбиялык маанисин жогорулатат. Окумуштуу Юртсевер Карасой өзүнүн “Элдик жомоктордогу өрнөк –адам үлгүсү” аттуу илимий макаласында жомоктордогу лексика тууралуу төмөнкүдөй оюн билдирген: “Бардык жактан жетилген адамды кыргыздар

“Төгөрөгү төп келген” деп коюшат, андай адам элдик тарбиянын, лексиканын синтетикалык кошулмасынын натыйжасы.Жомок-адамдар өздөрүн көрө турган күзгү болгон, андыктан андай чыгармаларда жалаң оң сапаттарды алып жүрүүчүлөр эмес, терс адамдар да көрсөтүлүп, алардан да таалим-тарбия алуу керек” [12. 231].

Азыркы учурда жаш жеткинчектерден тартып, улуу муунга чейинки адамдар маалыматтык технологиянын заманына жараша китеп окуудан алыстап, интернет желесинде көпчүлүк убактысын өткөрүп жатканда, балдарды чыгармаларды, жомокторду окутуу кыйындыкка туараары айтпаса да белгилүү. Жаш муундар тарбияны жомоктордон эмес көргөн видеолорунан, кинолорунан алып калышты. Мына ошол кенже мектеп окуучуларына жомокторду окутуу, алар аркылуу эмгекчилдикке, тазалыкка, акылдуулукка, ынтымактуулукка, досчулукка тарбиялоо учурдун орчундуу маселелеринен болуп турат.

Т.Н.Волков “Элдик педагогика – улуу педагогика, улуу педагогдордун баары элдик болушат” дегендей, элдин салттуу адеп маданиятын, анын адамды тарбиялап өстүрүү жагындагы жемиштерин, кылымдар бою сакталып, байытылып келген рухий-педагогикалык дөөлөттөрүн аздектеп, калк арасына жайылтуу, анын нугунда балдарга туура тарбия берүү, келечекте баланын өсүп-өнүгүүсү, жетилүүсүндө өзгөчө мааниге ээ. Жомок- элдик таалим-тарбиянын, билимге умтулуунун, улуттун лексикалык корун байытуунун бирден-бир булагы. Жомоктордо “Ай десе аркы жок, күн десе көркү жок”, “Баатырдын сүрүнөн үйдөй таштар үдүрөңөп, койдой таштар кодураңдап качты”, “Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат”, “Уйлар бөлүнсө - жолборс сүйүнөт”, “Асыл таштан, акыл жаштан, сыяктуу накыл кептер, асыл ойлор атадан-балага, муундан-муунга өтүп келе жатат [8.45]. А.Н. Толстойдун: “Жомок эмгекчи элдин улуу рухий байлыгы. Биз аны кичинеден жыйнайбыз жана ал аркылуу элибиздин миң жылдык тарыхы ачылат”- деген сөзүнө карасак, анда жомоктордо элибиздин сөз байлыгы, акылман кептери калкып жатат. Жогоруда белгиленгендей, кандай гана чыгарма болбосун, аны эффективдүү ыкмалардын негизинде окутуп, балдардын ички дүйнөсүнө жеткирип, жыйынтыктуу ойлорго чакырууга мугалимдик ишмердүүлүктүн мааниси чоң. Кеп байлыгы биринчи иретте лексикалык байлык менен байланыштырылат. Кепте канчалык көп сөз колдонулса, кептин байлыгы ошончолук жогору бааланат.

Азыркы учурда башталгыч мектептин окуучуларына билим берүү процесси гумандуулукка жана инсанга багытталган дидактикалык системага, окутуунун интерактивдүү ыкмаларга басым коюуну талап кылууда. Бул милдеттер интерактивдүү методдорду белгилүү ырааттуулукта колдонуу зарылчылыгын туудурат. Мугалим дидактикалык карточкаларды, интерактивдүү доска, сынчыл ойлом, дидактикалык оюндар сыяктуу көрсөтмөлүү каражаттарды колдонууда, аларды пайдалануунун максатын, алынуучу натыйжасын, аткарылуучу иш-аракеттерди так аныктап, пландаштырып алуусу зарыл. Макалабызды төмөнкүдөй сунуштар менен жыйынтыктагыбыз келет:

1. Башталгыч класстын мугалими окутуунун көрсөтмөлүүлүк каражаттарын эффективдүү колдонгондо окуучулардын өтүлгөн материалдарын өздөштүрүү жана кайталоо, ошондой эле окуу эмгегинин көндүмдөрүн – окуу китептери, маалымдама, окуу жана жазуу темпин өстүрүү, жооп берүү планын түзө билүү, билим алуу шарттарында өзүн контролдоону жана көнүгүүлөрдү аткаруунун ишке ашыруусун шарттайт.

2. Башталгыч класстарда көрсөтмөлүүлүк каражаттарды пайдаланып, интерактивдүү окутуу ыкмаларын алардын арасында дидактикалык оюндар колдоонуда окуучунун позициясы өзгөрөт, ал жөн эле тил алгыч аткаруучулуктан активдүү чыгармачылыкка,

маселе чыгаруудагы өзүнүн интеллектуалдык аракеттерин (анын ичинде катачылыктарында) рефлексиялоого (өз башынан өткөргөндөрдү анализдөөгө) көнүгөт.

3. Мугалим окутуунун көрсөтмөлүүлүк каражаттарын оптималдуу методикасын колдонсо, окуучулар предметтердин мазмунун өздөштүрүү менен бирге илимий билимдердин системасына ээ болушат, билгендерин ар кандай практикалык иш аракеттерде, турмушта колдоно билүүгө умтулушат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абдухамидова Б.А, Рысбаев С.К, Ибраимов К.Адабий окуу.3-класс. Б. 2014.
2. Акматалиев А.Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. - Б.2000.
3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Б., 2001;
4. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. -Б., 2003.
5. Бекбоев И.Б. Педагогикалык процесс: эски көрүнүштөр жана жаңыча көз караштар. – Бишкек, 2005.
6. Койнова-Цельнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары. - Б., 2011. 27-31-бб.
7. Кебекова Б.Кыргыз-казак фольклордук байланышы. - Ф.1982.
8. Кыргыз элинин ооз эки чыгармачылык тарыхын очерктери. - Ф….Илим, 1973.151-бет
9. Маматумаров А.Т. Адабий окууга үйрөтүүдө элдик оозеки чыгармаларды окутуунун ыкмалары. Известия ВУЗов Кыргызстана №7, 2016.
10. Молдобаева Н.Б. “Кыргыз эл жомоктору - элдик педагогикалык идеялардын башаты”. КНУнун жарчысы. 2011. 325-бет
11. Ташпынар М,Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. Б., 2004, 222-бет.
12. Юртсевер Карасой. Элдик жомоктордогу өрнөк –адам үлгүсү. Вестник. 2014. 581-б.



УДК 37.013.42-053.81(575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-290-296



**Адылбек кызы Г., Нурбекова А.Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Адылбек кызы Г., Нурбекова А.Н.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Adylbek kyzy G., Nurbekova A.N.**
KNU J. Balasagyn[1,2]
ORCID:0009-0001-4555-1426[1]
SPIN-код: 5286-2488[2]


## ЖАШТАРДЫ ТАРБИЯЛОО ПРОБЛЕМАСЫНЫН КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫНДА ИЗИЛДЕНИШИ
## ИССЛЕДОВАТЕЛЬНОСТЬ ПРОБЛЕМЫ ВОСПИТАНИЯ МОЛОДЁЖИ В КЫРГЫЗСКОЙ ЭТНОПЕДАГОГИКЕ
## RESEARCH OF THE PROBLEM OF EDUCATION OF YOUTH IN KYRGYZ ETHNO-PEDAGOGY